Жобо ИТЭИнин
Окумуштуулар кеңешинде
каралып, бекитүүгө сунушталган
протокол № 23/11
29.06. 2023-жыл

«БЕКИТЕМ»
ИТЭИнин ректору
х.и.к., доценттин м.а.
Барпыбаев Т.Р.
____________
29.06. 2023-ж.

**Инновациялык технологиялар жана энергетика институтунун (ИТЭИнин)**
**Билим берүүнүн сапаты бөлүмүнүн**
**ЖОБОСУ**

## 1. Жалпы жобо

1.1.Билим берүүнүн сапаты бөлүмү (ББСБ) – окуу бөлүмүнүн башчысына баш ийүүчү, билим сапатын жөнгө салуу саясатын ишке ашыруу ишмердүүлүгүн жүргүзгөн ИТЭИнин түзүмдүк бөлүмү.

1.2. Билим берүүнүн сапаты бөлүмү өз ишмердүүлүгүн КРнын "Билим берүү жөнүндөгү" мыйзамынын, Жогорку окуу жайлары жөнүндөгү жобосунун, ИТЭИнин Уставынын, азыркы жобонун негизинде иш жүргүзөт.

1.3. Бөлүм институттагы структуралык түзүмдөр менен биргеликте багыттардын негизги билим берүү программаларын ишке ашырууда билим сапатын жогорулатуу боюнча ишмердүүлүгүн көзөмөлдөйт.

1.4. Бөлүм өзүнүн иш пландарын ИТЭИнин стратегиялык өнүгүү пландарынын негизинде, КРнын стратегиялык өнүгүүсүнүн багыттарын жана билим берүү боюнча концепцияларын эске алуу менен иштеп чыгат.

## 2. Бөлүмдүн түзүмү

2.1. Бөлүмдүн түзүмү, саны, штаттык жадыбалы институттун финансылык булактарынын негизинде эмгек акы фондусунун чегин эске алуу менен ИТЭИнин ректору тарабынан бекитилет.

2.2. Бөлүмгө жетекчилик кылуу бөлүм башчы тарабынан жүргүзүлөт. Бөлүмдүн жетекчиси институттун ректорунун буйругу аркылуу дайындалат жана жумуштан бошотулат.

2.3. Бөлүмдүн кызматкерлери жеке кызматтык милдеттеринин негизинде иш жүргүзөт.

## 3. Бөлүмдүн негизги милдеттери

**Билим берүүнүн сапаты бөлүмүнүн негизги максаты** – институттагы билим берүү сапатын башкаруу системасын уюштуруу, ишке ашыруу, өнүктүрүү жана билим берүү сапатын жогорулатуу саясатын өркүндөтүү. Негизги милдеттери катары төмөндөгүлөр эсептелет:

3.1. Билим берүүнүн сапатына дайыма таасир этүүчү башкаруу системасын түзүү жана өркүндөтүү, билим берүү процессинин сапатынын динамикасына экспертиза жасоо.

3.2. Билим берүүнүн сапатын башкаруу системасынын иш кагаздарын, нормативдик-укуктук, усулдук материалдардын иштелмелерин иштеп чыгуу жана институттун ички билим сапатына мониторинг жүргүзүү.

3.3. Окуу процессин камсыз кылуучу окуу пландарына, окуу китептерине, окуу-усулдук колдонмолорго, кадрдык жактан камсыздалышына, материалдык-техникалык жактан жабдылышына жана башка материалдарга экспертиза жүргүзүү.

3.4. Билим берүүнүн сапатын жогорулатуу максатында менеджмент системасын калыптандырууда институттун ишмердүүлүгүн координациялоо.

3.5. Жаңыдан ачылып жаткан билим берүү програмаларына лицензия алуу жана реализацияланып жактан билим берүү програмаларын аккредитациялоо боюнча процедуралык иштерди координациялоо.

3.6. Институттун сапаттуу билим берүү системасынын ишмердүүлүгүнө ички баа берүү механизмин өркүндөтүү.

## 4. Бөлүмдүн функциясы

4.1. Билим берүүнүн сапатын өнүктүрүү боюнча сунуштарды иштеп чыгат жана билим берүүнүн сапатын төмөндөтүүчү себептерди аныктап, аларды жоюу боюнча сунуштарды берүү.

4.2. Билим берүү процессинин ресурстук жактан камсыздалуусунун сапатын экспертизалоо жана сунуштарды берүү.
4.3. Окуу пландарынын мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык келүүсү боюнча эспертиза жасоо жана сунуштарды берүү
4.4. Профессор-окутуучулардын жекече иш пландарынын аткарылышын көзөмөлдөө жана сунуштарды берүү.
4.5. Жумушчу програмалардын окуу пландарына ылайык түзүлүүсүн көзөмөлдөө жана аларды бекитүү.
4.6. Даярдалып жаткан адистиктердин окуу-усулдук колдонмолор менен камсыздалуусун талдоо жана сунуштарды берүү.
4.7. Билим берүүнүн сапатын жогорулатуу боюнча окутуунун инновациялык технологияларын практикалоо жана алдарды жайылтуу иштерин жүргүзүү.
4.9. Студенттердин билим сапатын жогорулатуу максатында учурдагы текшерүүгө, курстук жана дипломдук иштердин уюшулушуна талдоо жасоо жана жобого ылайык жазылуусун көзөмөлдөө.
4.11. Семестр жана окуу жылы боюнча студенттердин билим деңгээлин текшерүүнү жүргүзүү жана талдоо жасоо.
4.12. Окуу програмаларынын сапаттуу окутулушунун жыйынтыктарын текшерүү максатында маалыматтардын банкын (тексттик суроолор) түзүү жана мониторинг жүргүзүү.
4.13. Студенттердин жана окутуучулардын арасында билим берүүнүн сапатын жакшыртуу боюнча жолугушууларды, анкеталарды, социологиялык иликтөөлөрдү жүргүзүп, жыйынтыгын талдоо жана сунуштарды берүү.
4.14. Профессордук-окутуучулар курамынын өз ара сабактарга катышуусу боюнча уюштурулган иш-чараларды көзөмөлдөө жана сунуштарды берүү.
4.17. ИТЭИги жаңы билим берүү программаларына лицензия алууга даярдануу боюнча жалпы жетекчилик кылуу жана экспертиза жүргүзүү.
4.18. Жаңы билим берүү програмаларына лицензия алуу үчүн документациялардын жалпы пакетин даярдоо.
4.19. ИТЭИнин аккердитациядан өтүүсү боюнча ишмердүүлүгүн координациялоо, маалыматтык-усулдук жардамдарды берүү, текшерүү жана анализ жасоо.
4.20. Билим берүүнүн сапатын жогорулатуу максатында башка окуу жайлардын тажрыйбасын үйрөнүү жана жалпылоо, институтта пайдалануу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу.

## 5. Бөлүмдүн укуктары жана милдеттери

**Билим берүүнүн сапаты бөлүмү төмөндөгүлөргө укуктуу:**

5.1.1. Институттун структуралык түзүмдөрүндөгү билим берүүчү жана анын сапатын жогорулатуучу маселелер боюнча маалыматтарды талап кылат жана аларды алат.
5.1.2. ИТЭИги окуу процессинин жүрүшү, жыйынтыгы боюнча маалымат-аныктамаларды, жоопторду, документтерди ала алат.
5.1.3. Билим берүүнүн сапатын жакшыртуу саясаты боюнча приоритеттүү багыттарды аныктайт жана ишке ашыруунун стратегиясын жана тактикасын сунуштай алат.
5.1.4. Структуралык түзүмдөрдөгү сапаттуу билим берүүгө байланыштуу ачыкка чыгарылган кемчиликтер боюнча жоопторду талап кыла алат жана окуу бөлүмүнүн башчысына, ректорго сунуштарды даярдайт.
5.1.5. Окуу бөлүмүнүн башчысы менен макулдашуунун негизинде жана ректордун уруксаты менен билим сапатынын менеджментин жакшыртуу боюнча Окумуштуулар кеңешине сунуштарды даярдайт.

**Бөлүмдүн милдеттери:**

5.2.1. АББИги билим берүүнүн сапаты саясатын жалпы институттун өнүгүү багытынын негизинде жүргүзүү.
5.2.2. Институттагы сапат менеджментин өнүктүрүүгө жана бекемдөөгө көмөк көрсөтүү.
5.2.3. Билим берүү программаларынын негизинде даярдалып жаткан студенттердин билимин жыйынтыктоочу жана учурдагы текшерүүнүн тактыгын, уюштуруу сапатын текшерүүнү ишке ашыруу.

5.2.4. Студенттердин компетенттүүлүгүн калыптандыруу боюнча окутуучулардын ишмердүүлүгүн текшерүүнү ишке ашыруу.

5.2.5. Билим берүүнүн сапаты менеджментин уюштуруу жана өнүктүрүүгө байланыштуу буйруктарды жана сунуш-пикирлерди түздөн-түз аткаруу.

## 6. Жоопкерчилиги

6.1. Билим берүүнүн сапаты бөлүмүнө (ББСБ) жүктөлгөн милдеттерди аткаруу жоопкерчилиги бөлүмдүн жетекчисине жүктөлөт.

6.2. ББСБнүн кызматкерлери жогорку турган органдарга даярдалган маалыматтардын тактыгы үчүн жоопкерчиликтүү болушат.

6.3. ББСБнүн кызматкерлери билим берүүнүн сапатын жогорулатуу боюнча окуу процессинин жүрүшүнүн абалына дайыма көзөмөл жүргүзүүгө милдеттүү.

6.4. Бөлүмдүн ар бир кызматкери өзүнө жүктөлгөн кызматтык милдеттеринин негизинде аткарылган иштин сапатына жооп берет.

## 7. Өз ара мамилелер

7.1. ББСБнүн кызматкерлери өздөрүнүн ишмердүүлүгүнө байланыштуу болгон институттун буйруктарын, ИТЭИнин Окумуштуулар кеңешинин чечимдерин, башка жогору турган органдардын чечимдерин ишке ашырат.

7.2. Билим берүүнүн сапаты менеджментин түзүү, ишке ашыруу жана өнүктүрүү маселеси боюнча ББСБ бөлүмдөр жана башка структуралык түзүмдөр менен өз ара мамилелерди түзөт.

7.3. Институттун жалпы кызыкчылыгын жетекчиликке алуу аркылуу башка мекеме-уюмдар, окуу жайлар менен кызматташат.

## 8. Уюштуруу жана жоюу тартиби

8.1. ББСБ институттун Окумуштуулар кеңешинин чечиминин негизинде, ИТЭИнин ректорунун буйругу менен жоюлат, өзгөртүлөт жана кайра түзүлөт.

8.2. ББСБнүн Жобосу институттун Окумуштуулар кеңешинде талкууланып, бекитүүгө сунушталат, ал эми кызматкерлердин милдеттери бөлүм башчынын сунушу менен бөлүштүрүлөт.

## 9. Инновациялык технологиялар жана энергетика институтунун билим берүүнүн сапаты бөлүмүнүн башчысынын кызматтык милдеттери

1. Билим берүүнүн сапаты бөлүмүнүн ишмердүүлүгүнүн багыттарын аныктоо
2. Бөлүмдүн учурдагы иштерин пландаштыруунун камсыздоо
3. Институттун өнүгүү пландарына ылайык бөлүмдүн иш пландарынын аткарылышын уюштуруу жана көзөмөлдөө
4. Нормативдик мыйзам-ченемдүүлүктөргө, эмгекти коргоо жана техникалык коопсуздуктардын нормаларына ылайык бөлүмдүн кызматкерлери үчүн шарттарды түзүү
5. Башка структуралык түзүмдөр, бөлүмдөр менен макулдашуу аркылуу билим сапатын жогорулатуу боюнча пландаштырылган иштерди көзөмөлдөө
6. Студенттерден, профессордук-окутуучулук курамдан, кызматкерлерден билим берүүнүн сапатын жогорулатууга байланышкан маселелер боюнча аңгемелешүүлөрдү жүргүзүү
7. Окутуунун сапатын баалоо максатында студенттерге анкетирование жүргүзүү процедурасын уюштуруп-өткөрүүгө жетекчилик кылуу
8. Студенттер тарабынан өздөштүрүлгөн билимдерине мониторинг жүргүзүүгө жетекчилик кылуу
9. ИТЭИнин билим сапатын жогорулатуу боюнча ишмердүүлүгүн көзөмөлдөө жана ал боюнча маалыматтарды жетекчиликке жеткирүү
10. Институттун аккредитациялык көрсөткүчтөргө ылайык келүүсүнө мониторинг жүргүзүү жана аккредитациялык документтерди даярдоого көзөмөл жасоо
11. Жаңыдан ачылып жаткан билим берүү программаларына лицензия алуу үчүн даярдалган документтерге экспертиза жасоого жетекчилик кылуу
12. Окуу процессин камсыз кылуучу типтүү окуу пландарынын, жумушчу окуу пландарынын аткарылышын көзөмөлдөө жана кадрдык жактан камсыздалышына экспертиза жүргүзүү

13. Билим берүү программаларынын окуу-усулдук жактан камсыздалышына, материалдык-техникалык жактан жабдылышына жана башка материалдарга экспертиза жасоого жетекчилик кылуу
14. Билим сапатын жогорулатуу боюнча тесттик суроолордун, анкеталык маалыматтардын түзүлүшүнө жана социологиялык иликтөөлөрдүн жүргүзүлүшүнө жетекчилик кылуу
15. Профессор-окутуучулардын өз ара сабактарга катышуусу жана жаңы технологияларды жайылтуу боюнча иш-чараларды көзөмөлдөө жана сунуштарды берүү
16. Билим берүүнүн сапатын жогорулатуу максатында башка окуу жайлардын тажрыйбасын үйрөнүү жана жалпылоо, институтка пайдалануу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу.

## 10. Инновациялык технологиялар жана энергетика институтунун билим берүүнүн сапаты бөлүмүнүн методистинин кызматтык милдеттери

1. Билим берүүнүн сапатын өнүктүрүү боюнча сунуштарды иштеп чыгуу жана билим берүүнүн сапатын төмөндөтүүчү себептерди аныктап, аларды жоюу боюнча сунуштарды берүү.
2. Билим берүү процессинин ресурстук жактан камсыздалуусунун сапатын экспертизалоо жана сунуштарды берүү.
3. Окуу пландарынын мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык келүүсү боюнча эспертиза жасоо жана сунуштарды берүү
4. Профессор-окутуучулардын жекече иш пландарынын аткарылышын көзөмөлдөө жана сунуштарды берүү.
5. Жумушчу програмалардын окуу пландарына ылайык түзүлүүсүн көзөмөлдөө.
6. Даярдалып жаткан адистиктердин окуу-усулдук колдонмолор менен камсыздалуусун талдоо жана сунуштарды берүү.
7. Студенттердин билим сапатын жогорулатуу максатында учурдагы текшерүүгө, курстук жана дипломдук иштердин уюшулушуна талдоо жасоо жана жобого ылайык жазылуусун көзөмөлдөө.
8. Институттагы жаңы билим берүүчү программаларга лицензия алууга даярдануу боюнча жалпы жетекчилик кылуу жана экспертиза жүргүзүү.
9. Жаңы билим берүүчү програмаларга лицензия алуу үчүн документациялардын жалпы пакетин даярдоо.
10. ИТЭИнин аккредитациядан өтүүсү боюнча ишмердүүлүгүн координациялоо, маалымат-методикалык жардамдарды берүү, текшерүү жана анализ жасоо.
11. Билим берүүнүн сапатын жогорулатуу максатында башка окуу жайлардын тажрыйбасын үйрөнүү жана жалпылоо, институтка пайдалануу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу.